Кыргыз Республикасынын шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясы

№60995 Сасык-Булак шайлоо округунун талапкери Тургунбай уулу Аскат
Дареги: Талас району, Сасык-Булак айылы, Сагынбек кочосу №
Тел:

## АРЫЗ

Менин кайрылганымдын себеби, мен Кыргыз Республикасынын жергиликтуу кенештердин шайлоосу 2024-жылдын 17-ноябрында болгон шайлоого Талас областынын Талас районунун Шумкар-Уя айылдык кенешине депутаттыка кандидатымды койгом. Шайлоодо 215 добуш топтоп, резервке отум. Резервке биздин округдан 2 талапкер 215 добуштан алып, экообуз резервке оттук. Алар: мен Тургунбай уулу Аскат жана Бакытбеков Баккелди Бакытбекович болгон.

2024-жылдын 13-декабрында Талас аймактык шайлоо комиссиясы Шумкар-Уя айылдык кенешиндеги бош калган депутаттык мандатты шайланган депутаттан кийин турган талапкерге откоруп беруу жонундо №14 чечими менен менин катышпуумсуз чучукулак откорушуп, жыйынтыгында Бакытбеков Баккелди Бакытбекович №1 ди алгандыгы аныкталды деп, «№6095 Сасык-Булак» шайлоо округу боюнча бош калган депутаттык мандат Бакытбеков Баккелди Бакытбекович откорулуп берилсин жана Шумкар-Уя айылдык кенешинен шайланган депутаты деп таанылсын, Бакытбеков Баккелди Бакытбекович Шумкар-Уяя айылдык кенешинин шайланган депутаты болуп катталсын жана ага белгиленген улгудогу ырастама жана тош белги тапшырылсын деп чечим чыгарышкан.

Мен аталган чечим менен макул эмесмин анткени Кыргыз Республикасынын Жергиликтүү кенештердин депутаттарын шайлоо жөнүндө мыйзамынын 62-беренесинин 4-п. ылайык талапкерлер добуштардын бирдей санына ээ болгондо мурда катталган талапкер шайланган болуп эсептелет. Эгерде талапкерлер бир күндө катталган болсо, маселе чүчүкулак өткөрүү жолу менен чечилет деп корсотулгон.

Бирок мен талапкер катары 2024-жылдын 8-ноябрында катталгам. Ал эми Бакытбеков Баккелди 2024-жылдын 10-ноябрында катталган.

Ошол себептен, Талас аймактык шайлоо комиссиясы мыйзамсыз чечим чыгарды деп эсептеймин.

Жогорудагылардын негизинде, Кыргыз Республикасынын Жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоо жөнүндө мыйзамынын 62-ст., Кыргыз Республикасынын Административдик-процесстик кодексинин 201-ст. жетекчиликке алып,


## СУРАНАМ:

Талас аймактык шайлоо комиссиясынын 2024-жылдын 13-декабрындагы Шумкар-Уя айылдык кенешиндеги бош калган депутаттык мандатты шайланган депутаттан кийин турган талапкерге откоруп беруу жонундо №14 чечимин жокко чыгарып беруун

Тиркемеде: 1) паспортун кочурмосу 1б, 2) чечим №14 кочурмосу 1б, 3) журналга катталгандыгым туралуу журналдан кочурмо 1б.

**Тургунбай уулу Аскат** ________

**13.12.2024-ж.**


КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ИДЕНТИФИКАЦИЯЛЫК КАРТА
КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ИДЕНТИФИКАЦИОННАЯ КАРТА
THE KYRGYZ REPUBLIC
IDENTITY CARD
КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ


КЫРГЫЗ
РЕСПУБЛИКАСЫ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ТАЛАС АЙМАКТЫК ШАЙЛОО
КОМИССИЯСЫ

724100Көкөй айылы Манас к.№ 99
тел (03422) 5-83-61
e-mail adm60-1@shailoo.gov.kg

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ТАЛАССКАЯ ТЕРРИТОРИАЛЬНАЯ
ИЗБИРАТЕЛЬНАЯ КОМИССИЯ

724100 с. Кокой ул. Манаса № 99
тел. (03422) 5-83-61,
e-mail: adm60-1@shailoo.gov.kg

**Талас аймактык шайлоо комиссиясынын**
**Ч Е Ч И М И № 14**

13.12. 2024 -жыл

Көк-Ой айылы

1. **Шумкар-Уя айылдык кеңешиндеги бош калган депутаттык мандатты шайланган депутаттан кийин турган талапкерге өткөрүп берүү жөнүндө.**

**Шумкар-Уя** айылдык кеңешинин **"6095 Сасык-Булак"** шайлоо округу боюнча добуш берүүгө катышкан шайлоочулардын добуштарынын көбүн алган, шайланган депутаттан кийинки талапкерлер Тургунбай уулу Аскат жана Бакытбеков Баккелди Бакытбековичтер бирдей добуш алгандары аныкталгандыктан экөөнүн ортосунда чүчүкулак өткөрүлүп, жыйынтыгында Бакытбеков Баккелди Бакытбекович №1ди алгандыгы аныкталды.

**Бакытбеков Баккелди Бакытбекович - бүгүнкү күнгө иштеген жери – Талас шаарына коммуналдык кызмат көрсөтүү боюнчамуниципалдык ишканасы-мастер, соттуулугу жок, паспорту боюнча катталган жери Сасык-Булак айылы, С.Бекназаров к. 38**

Талапкер мыйзамда көрсөтүлгөн талаптарга жооп берет.

Жогорудагыларды белгилеп, "Жергиликтүү кеңештердин депутаттарынын статусу жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 5-беренесин, «Кыргыз Республикасынын шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча шайлоо комиссиялары жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 20-беренесин жана «Жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоо жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 52-беренесин жетекчиликке алып Талас аймактык шайлоо комиссиясынын отуруму

**ЧЕЧИМ КЫЛАТ:**

1. **"№6095 Сасык-Булак"** шайлоо округу боюнча бош калган депутаттык мандат Бакытбеков Баккелди Бакытбекович өткөрүлүп берилсин жана Шумкар-Уя айылдык кеңешинен шайланган депутаты деп таанылсын.
2. Бакытбеков Баккелди Бакытбекович Шумкар-Уя айылдык кеңешинин шайланган депутаты болуп катталсын жана ага белгиленген үлгүдөгү ырастама жана төш белги тапшырылсын.
3. Ушул чечимди бекитип берүү жагы Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынан суралсын.

МАКУЛ - 9, КАРШЫ – 0.

**Аймактык шайлоо комиссиясынын төрагасы** **А.Кенжегулова**

**Аймактык шайлоо комиссиясынын катчысы** **Г.Азимбаева**